**География жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын Илимий изилдөө темасы**

| № | Изилдөөнүн темасы | Актуалдуулугу | Изилдөөнүн максаты жана милдеттери | Стратегиялык индикатор менен байланышы (стратегия, программа, концепциялар) | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Табигый территориялык комплекстердин физикалык-географиялык мүнөздөмөлөрү жана алардын учурдагы абалын изилдөө (Түндүк Кыргызстандын мисалында) | Түндүк Кыргызстандын табигый территориялык комплекстерин окуп үйрөнүү бүгүнкү күндүн талабы.<br>Табият жана анын ресурстары республиканын эл чарбасынын өнүгүшүн табигый негизи болуу менен элдин материалдык жана маданий өсүшүнүн булагы катары да кызмат кылат. Табигый аймактык ресурстарды пландуу жана үнөмдүү пайдалануу милдеттери тийиштүү мамлекеттик мекемелердин, жалпы коомчулуктун көзөмөлүнө алынган.<br>Табияттын чарбада пайдаланылган жана пайдаланыла элек байлыктары- жер,кен, агын жана жер астындагы суулар, фауна, флора, атмосфералык аба ж.б. табигый ресурстар мамлекет тарабынан коргоого алынган.<br>Адам баласы миңдеген жылдардан бери муундан-муунга жаратылыш ресурстарын алып пайдалануу учурунда, алардын орду оңой эле кайра толукталып калган шарттарга көнүп калган. Анткени, жаратылыш чөйрөсү тышкы таасирлерге туруштук берүү жөндөмдүүлүгүнө, белгилүү өлчөмдө ийилгичтик касиеттерге ээ. | **Максаты:** Түндүк Кыргызстандын табигый аймактык комплекстерин учурдагы абалын изилдөө.<br>**Милдеттери:**<br>- Түндүк Кыргызстандын аймактык комплекстерине мүнөздөмө берүү;<br>- Түндүк Кыргызстандын физикалык географиялык абалын аныктоо;<br>- Жаратылыш ресурстарын пайдалануудагы экологиялык көйгөйлөрдү изилдөө. | Изилдөөнүн темасы 2040-жылга чейинки өлкөнү туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук стратегиясынын программасы менен тыгыз байланышта | Монография, илимий макалаларды республикалык жана чет өлкөлөрдөгү илимий журналдарга жарыкка чыгаруу, студенттер үчүн окуу методикалык колдонмолорду жазуу |

Сканировано с CamScanner